Бишкек шаары

Биринчи май району

№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

## *Тема: Нооруз келди жаркырап*

**Мугалим: Шабданова А.А**

**2017-2018**

Бишкек шаарынын № 27 орто мектебинин
кыргыз тили жана адабияты мугалими
Шабданова Айзада Ашымовнанын
“Нооруз” майрамына   карата өткөргөн
класстан тышкаркы иш чарасынын планы

Саламдашуу:Айзада Ашымовна

Саламатсыздарбы Урматтуу бүгүнкү кеченин катышуучулары ,Сиздерди астыда келе жаткан Жаңы күндүн башталышы болгон Нооруз майрамыныздар менен куттуктайбыз!Ар бир үйгө тынчтык,токчулук ,береке,кут орносун . Коломтодогу жылуулук, ынтымак сакталып, ар дайым үйүңүздөрдүн жылуулугу кетпесин . Нооруз майрамындай ар бир күнүңүздөр жадырыган маанай менен  коштолсун.2014-жыл Кыргызстаныбыз үчүн көптөгөн бийиктиктердин , алга жылуулардын башаты болсун! Жаңы жылыңыздар менен!
Бүгүнкү кечебиз жаңы күндүн башталышы болгон Нооруз марайрамына арнап 5- классынын окуучулары чакан концерт көрсөтмөкчүү.

...........................


1.Хор

Жаз келди! Жаз келди! Нооруз келди!  Нооруз келди! (Баардык окуучулар)



2.Саламдашуу

Салам айтам жалпыңа,Айкөл кыргыз калкыма. Саламдашып алалык ,Шек келбесин баркыма .

Салам айтам ийилип ,Айтылуу кыргыз калкыма . Унутпа улуу салтыңды,Сыйлагын кары жашыңды .

Амандашып алалы,
Урматтуу элим аманбы .Учурашып алалы ,Урматтуу элим амабы

Шаттанып Нооруз жаңырат, Шаанисибөлөк ал убак. Гүлдөргө толот айлана, Ынтымак ырыс тартуулап

Күжүрмөн дыйкан ойгонгула,
Күмүш түстү күн келди.
Адыр тоону аралап ,
Аппак түспөл ай келди.
Өлбөгөн жанга жаз келди .

Аяздуу аккар кеткенде ,
Кезекти берип көктөмгө .
Жаз айы келет жадырап .
Жылуу мээрим төккөнгө

Салам айтам баарына ,
Жалпы кыргыз калкыма .
Кут болсун нооруз майрамы,
Кубансын жалпы эл баары .

Нооруз майрам өзүнчө бир керемет .
Мына бүгүн күн менен түн теңелет,
Таттуу уйкунун кучугынан ойгонуп,
Жер энебиз бир калыпта термелет.

Баба дыйкан  шаймандарын белендеп ,
Кошко чыкты кара жерди тилем деп .
Үрөөн себет бир алага жалынып ,
Урпактарга кенен токоч берсе деп

3.Аластоо.

Аласс ,аласс ар балээден каласс .Эски жыл кетип жаңы жыл келди.Жаңы күндү теңир берди жакшылыкты кеңир берди аласс, аласс ар балээден каласс. Жер жарылып чөп чыксын желин айрылып сүт чыксын аласс аласс ,Айдан аман жылдан эсен бололуу,кампабыз данга ,дастарконубуз нанга толсун аласс аласс ар балээден каласс



3. Ыр  (хор)

Кемер кур сайма өтүк, ак калпагын,
Кээ бирөө билбей жүрөт анын баркын.
Элиме белги берип тааныштырган,
Кийиминден кагылайын кыргыз калкым ,
Кыргыз калкым (2) Атыңдан кагылайын кыргыз калкым

Ооз комуз,кыл кыяк, үч кыл комуз ,Комузуң коңгуроолу үч кыл таккан .
Чер жазып чертип жүрсүн кыргызым деп ,Айланам акылыңдан ойлоп тапкан.
Кыргыз калкым (2) Атыңдан кагылайын кыргыз калкым

Үйүнө конок келсе жүзү жарык ,Кой союп конок кылмай ата салты .
Кызытып кымыз берип, май жегизген, Пейлиңден кагылайын кыргыз калкы.
Кыргыз калкым (2) Пейлиңден кагылайын кыргыз калкым

4.Комуз күүсү (машботой)



5.Ыр(хор)

Чар тарап жашылга толгон
Байчачек турду гүл ачып
Бакытка балкыйт сезимдер
Жаз келди кайрадан көңүлдөр шаттык

Нооруз майрамы, нооруз сайраны,нооруз кубаныч тартуулайт Өмүр бер жандуугa, дем күч бер алсызга Тынчтык бер кадырман калкыңа

Бүгүн той бүгүн салтанат
Каткырык күлкү жаңырат
Кары жаш ак тилек менен
Сүмөлөк кайнатып таңды атырат

Нооруз майрамы, нооруз сайраны,нооруз кубаныч тартуулайт
Өмүр бер жандуугa, дем күч бер алсызга
Тынчтык бер кадырман калкыңа

6.Бий (кыргыз бийи)







7.Бата берүү




Нооруз
майрамыңыздар
менен куттуктайбыз!